**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

2023 ж. «28» апрели № 2 **БУЙРУК**

«28» апреля 2023 г. № 2 **ПРИКАЗ**

**Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) каттоо арызынын формасын бекитүү жөнүндө**

Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) «бирдиктүү терезе» принциби боюнча мамлекеттик каттоодо ишин өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 178 токтому менен бекитилген Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 78 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги жөнүндө жобонун 13-пунктун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) каттоо арызынын формасы ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.
2. Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо үчүн документтерди кабыл алууну жүзөгө ашыруучу жооптуу кызматкер каттоо арызын толтуруунун тууралыгын текшерүүгө милдеттүү экендиги белгиленсин.
3. Юридикалык жактарды каттоо башкармалыгы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайтына расмий жарыялоону камсыздасын.
4. Укуктук маалымат башкармалыгы расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизсин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укуктук маалыматтарынын борборлоштурулган банкына жарыяласын.
5. Юридикалык жактарды каттоо башкармалыгы ушул буйрукка кол коюлган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберсин.

6. Регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү жана контролдоо башкармалыгы ушул буйрукту министрликтин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөткөн аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине билдирсин.

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо юстиция министринин орун басары О.К. Сыдыковга жүктөлсүн.

8. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумушчу күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

---

**Об утверждении формы регистрационного заявления юридических лиц, филиалов (представительств)**

В целях усовершенствования работы принципа «единого окна» при государственной регистрации юридических лиц, филиалов (представительств), в соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115 и с Положением о порядке регистрации юридических лиц, филиалов (представительств), утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 31 марта 2023 года № 178, руководствуясь пунктом 13 Положения о Министерстве юстиции Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Правительства Кыргызской Республики от 5 марта 2021 года № 78, **приказываю:**

1. Утвердить форму регистрационного заявления юридических лиц, филиалов (представительств) согласно приложению 1 к настоящему приказу.

2. Установить, что ответственный сотрудник, осуществляющий прием документов для государственной регистрации юридических лиц, филиалов (представительств) обязан проверить верность заполнения регистрационного заявления.

3. Управлению регистрации юридических лиц обеспечить официальное опубликование настоящего приказа на официальном сайте Кабинета Министров Кыргызской Республики и на официальном сайте Министерства юстиции Кыргызской Республики.

4. Управлению правовой информации в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования включить настоящий приказ в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики, а также опубликовать в централизованном банке данных правовой информации Кыргызской Республики.

5. Управлению регистрации юридических лиц в течение трех рабочих дней со дня подписания настоящего приказа направить его в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

6. Отделу регламента и делопроизводства довести настоящий приказ до сведения руководителей территориальных подразделений министерства, оказывающих государственные услуги.

7. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра юстиции О.К. Сыдыкова.

8. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи рабочих дней со дня официального опубликования.

**Министр** **А.Б. Баетов**